**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**С. НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ПЕДАГОГИКА, ТАРЫХ ЖАНА ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ КАФЕДРАСЫ**

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**

Окуу бөлүмүнүн башчысы

__________ Ж.Ж.Усубалиева

"5" 09 2025 г.

**БЕКИТЕМИН**

Академиялык иштер боюнча проректору

__________ К.О.Омурова

"5" 09 2025 г.

# ЖУМУШЧУ ПРОГРАММА

## «СОҢКУ МЕЗГИЛДИН ТАРЫХЫ (Батыш жана Чыгыш өлкөлөрү)» ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА

**Даярдоонун багыты**: 550400 «Социалдык экономикалык билим берүү»

**Даярдоонун профили:** *Тарых*

**Бүтүрүүчүнүн квалификациясы (даражасы)**: *Бакалавр*

**Окутуу формасы:** *Күндүзгү, аралыктан (дистанттык)*

**Нарын -2025**

# АННОТАЦИЯ

«Соңку мезгилдин тарыхы (Батыш өлкөлөрү)» дисциплинасы социалдык-экономикалык билим берүү багытынын тарых профилинин окуу планында кесиптик циклдын негизги бөлүгүндө (коду: Б.3.2.5.1..) орун алган. Аны окутууга бөлүнгөн сааттардын жалпы саны – 180 аудиториялык сааттар – 90, анын ичинде дарс – 50, семинардык сабак – 40 саатты түзөт. Ал эми 90 саат студенттин өз алдынча ишине ажыратылган. Баары биригип 6 кредитти түзөт. Курс 7-семестрде окутулат. Дисциплинанын кредиттердеги (экзамендик бирдиктердеги) өлчөмү, аудиториялык жана өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн сааттарын көрсөтүү менен 1-жадыбалда келтирилген.

**1-жадыбал. Дисциплинанын жалпы эмгек сыйымдуулугу**

| Түрмөгү жана коду | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу (кредити) | Бардыгы (саатта рда) | Аудиториялык иштин көлөмү (саат) | | | СӨИ | Аттестация лоо формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Дарс | Прак. сабак | Лаб. иш | | |
| Б.3.2.5.1 | 7 | 3 | 100 | 30 | 20 | - | 50 | зачет |
| | 8 | 4 | 140 | 40 | 30 | | 70 | экзамен |

**Кыскача мазмуну:** «Соңку мезгилдин тарыхы (Батыш өлкөлөрү)» дисциплинасы 1-2-мезгилге бөлүнүп окутулат. Биринчи мезгил 1918-1945-жылдарды ичине камтып, Биринчи дүйнөлүк согуштун бүтүшү, эл аралык мамилелердин жаңы системасынын калыптанышы, саясатта, экономикада, социалдык чөйрөдө жаны узакка созулган тенденциялардын пайда болушу, Экинчи дүйнөлүк согуштун бүтүшүн жана дүйнөдө эки полярдуу системанын калыптанышын окутат.

Экинчи мезгил 1945-жылдан баштап бүгүнкү күнгө чейинчи дүйнөдөгү алдыңкы мамлекеттердин өнүгүү тенденцияларын, Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки Европада жана башка өлкөлөрдөгү интегрция кыймылынын башталышын, колониялык системанын кулашын, ядролук энергиянын ачылышын, космосту өздөштүрүүнүн башталышын, ИТРдын өнүгүшү, эки уюлдук системанын айгышкан күрөшүн, Европа жана Америка өлкөлөрүнүн ички жана тышкы саясаттагы өнүгүү багыттарын, эл аралык маамилелердеги карама-каршылыктарды окутат. Окуу дисциплинасы эки модулга бөлүнүп окутулат.

## 2.ОКУУ ДИСЦИЛИНАНЫН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**1.** Европанын жана Американын соңку тарыхы жөнүндө жазылган тарыхый булактарга жана окумуштуулардын эмгектерин талдоо жана аларга баа берүү аркылуу Европа жана Америка өлкөлөрүнүн соңку тарыхындагы фактыларды, окуяларды жана кубулуштарды окуп үйрөнүү.

2. Студенттерге окуп-үйрөнүлгөн билимдерди, билгичтиктерди илимий изилдөө, аналитикалык иштеринде жана жалпы билим берүү мектептерде окутууда колдонуу билүүгө үйрөтүү.

**Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн негизги милдеттери:**

1. Европанын жана Америка өлкөлөрүнүн соңку мезгилдеги тарыхынын негизги этаптарын жана эң маанилүү окуяларды талдоо. Соңку мезгилдин тарыхы боюнча теориялык билимдерди кеңейтүү, тереңдетүү жана бекемдөө, Европанын жана Американын соңку тарыхы боюнча жалпы маалымат берүү жана талкуу жүргүзүү, Европанын жана Американын соңку тарыхы боюнча тарыхынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү, Европанын жана Американын соңку тарыхындагы инсандардын ролун ачып көрсөтүү.

## 3. НББПНЫН ТҮЗҮМҮНДӨГҮ ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН ОРДУ

«Соңку мезгилдин тарыхы (Батыш өлкөлөрү) » дисциплинасы социалдык-экономикалык билим берүү багытынын тарых профилинин окуу планында кесиптик циклдын негизги бөлүгүндө (коду: Б.3.2.5.1.) орун алган.

Дисциплина студенттерге өткөндү билүү,түшүнүү, талдоо, жалпылоо менен балоо аркылуу өлкөнүн, коомдун келечеги кесипкөй адистерди Соңку мезгилдеги Европа жана Американын тарыхын окутуу, үйрөтүү аркылуу даярдоо.

Курсту жеткиликтүү өздөштүрүү үчүн студент «Байыркы дүйнөнүн тарыхы», «Орто кылымдын тарыхы", "Жаңы мезгилдин тарыхы", "Россиянын тарыхы" ж.б. курстары боюнча билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болууга тийиш. Ошондой эле ал өз алдынча тарыхый булактар менен иштөө билгичтиктерине, көңдүмдөрүнө ээ болууга тийиш.

Жогорку дисциплиналарды өткөн соң студенттерде калыптандырылууга тийиштүү компетенциялар 2-жадыбалда көрсөтүлдү

**2-жадыбал. Дисциплинаны окуп-үйрөнүүгө чейин студенттерде калыптындырылган компетенциялар**

| Код | | Кредит | Семестр | Компетенциялар |
|---|---|---|---|---|
| Б.3.2.1.1. | Алгачкы коомдун тарыхы | 4 | 2 | ЖИК-1; КК-10; КК-11; |
| Б.3.2.1.2. | Байыркы дүйнөнүн тарыхы | 6 | 2-3 | ЖИК-1; СИЖМК-2; КК-6; КК-11. |
| Б.3.2.1.4. | Кыргызстандын тарыхы (байыркы жана орто кылымдар мезгили) | 6 | 3-4 | ЖИК-1; СИМК-2; КК-5; КК-10; КК-13; КК-15; |
| Б.3.2.1.3. | Орто кылымдар мезгили | 8 | 3-4 | ЖИК-1; СИМК-5; КК-5; КК-8; КК-11; КК-17; |
| Б.3.2.1.11. | Археология | 4 | 4 | ЖИК-1; КК-6; КК-13;КК-14; |
| Б.3.2.1.11. | Кыргыз мамлекетүүлүгүнүн тарыхы | 5 | 5 | КК-12; КК-13 |
| Б.3.2.1.9. | Россиянын тарыхы | 6 | 5-6 | ЖИК-5; СИМК-4; КК-12; КК-17; |
| Б.3.2.1.12. | Архив жана музей таануу | 4 | 5 | ЖИК-1; ЖИК-5; КК-12; |
| Б.3.2.1.6. | Жаңы мезгилдин тарыхы | 8 | 6-7 | ЖИК-4; ЖИК-5; ШК-2; СИЖМК-1; СИЖМК-5; КК-10; КК-12; КК-13; |

## 4. ДИСЦИПЛИНАНЫ ОКУТУУНУН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ МЕНЕН КАТНАШТЫРЫЛГАН МЕРЧЕМДЕЛГЕН НАТЫЙЖАЛАРЫ

**550400** социалдык-экономикалык билим берүү багытынын тарых профили боюнча даярдалган бакалавр НББПнын максат-милдеттерине жана ЖКББ МББСда көрсөтүлгөн кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерирне ылайык, жалпы илимий (ЖИК), инструменталдык (ИК), социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК), жалпы кесиптик (ЖКК) жана (КК) кесиптик компетенцияларга ээ болууга тийиш. "Соңку мезгилдин тарыхы (Батыш өлкөлөрү)" окуу дисциплинасын өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялардын тизмеси 3-жадыбалда көрсөтүлгөн.

## 5.ДИСЦИПЛИНАНЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН НАТЫЙЖАСЫНДА АЛЫНУУЧУ ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАР:

### 5.1. Калыптандырылуучу компетенциялар

**3-жадыбал**

| Компетенциянын коду | | НББП өздөштүрүү жыйынтыгы Компетенциянын мазмуну | Курсту окутуунун жыйынтыгы боюнча күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|
| Жалпы илимий компетенция | ЖИК-4 | изилдөө ишмердигин кайрадан карап чыгуу жана корректировкалоо (жетекчилик астында), тандалып алынган маалыматтарды талдоо жана интерпретациялоо, аларды прикладдык илимий-изилдөөчүлүк жактан ишке ашыруунун жолдорун табууга жөндөмдүү | ***Билет:***<br>▪ заманбап билимдердин концепцияларын, теориясын, тарыхын, усулдарын, техникасын, коомдук-саясий турмуштун көйгөйлөрүн;<br>▪ илимий таанымдын түзүмүн, анын усулдары менен формаларын;<br>***Колдоно билет:***<br>▪ коомдук-саясий турмуштун азыркы көйгөйлөрүн талдоо үчүн илимий таанымдын усулдары менен формаларын колдонууну; |
| Социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенция | СИЖМК-5 | атуулдук активдүү позицияда болууга, жарандык демократиялык коомдун баалуулуктарынын негизинде сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгөжөндөмдүү жана даяр | ***Билет:***<br>• жарандык демократиялык коомдун дөөлөттөрүнүн негизиндеги диалогду жана активдүү жарандык турумду;<br>***Колдоно билет:***<br>• жарандык демократиялык коомдун дөөлөттөрүнүн негизинде диалог курууну жана активдүү жарандык турумду ээлөөнү; |
| Кесиптик компетенция | КК-6 | сабактарга окуу предметин (предметтерин) өз алдынча пландаштырат, окуу программасынын бөлүмдөрүн окуу пландары менен иштеп чыгууну билет | ***Билет:***<br>• предмет (предметтер) боюнча окуу сабактарын программанын темалары менен бөлүмдөрүнүн бөтөнчөлүгүн эске алып жана окуу планына ылайык мерчемдөөнүн негиздерин;<br>***Колдоно билет:***<br>• предмет (предметтер) боюнча окуу сабактарын программанын темалары менен бөлүмдөрүнүн бөтөнчөлүгүн эске алып жана окуу планына ылайык мерчемдөөнүн негиздерин пайдаланууну; |
| | КК-11 | тарыхый жараяндагы жана коомдун саясий турмушундагы адамдын ордун, тарыхый процесстин мыйзам ченемдүүлүгүн жана кыймылдаткыч күчтөрүн түшүнүүгө жөндөмдүү | ***Билет:*** тарыхый процесстин мыйзам ченемдүүлүгүн түшүнөт, тарыхый жараяндагы жана коомдун саясий турмушундагы адамдын ордун билет<br>***Колдоно билет:*** тарыхый жараяндагы жана саясий чөйрөдөгү кыймылдаткыч күчтөрдү ажыратып көрсөт жөндөмүн калыптандырат |

| | | |
|---|---|---|
| КК-12 | тарыхый процесстерди талдаганда цивилизациялык мамиленин элементтерин колдонот, тарыхый фактыларды талдаганда да, алардагы себеп-натыйжалык байланыштарды көрсөтө алат | ***Билет:***<br>• тарых илиминин негизги мыйзам ченемдүүлүктөрүн, тарыхый мезгилдин терминологиясын аныктап, мезгил бирдиктериндеги айырмачылыктарды таба билет.<br>***Колдоно билет:***<br>• тарыхты түшүндүрүүнүн цивилизациялык жана материалисттик өзгөчөлүктөрүнө ылайык оозеки жана жазуу жүзүндө баарлашуу стратегиясын куруунy; кесиптик ишмердүүлүктө тарыхый фактыларды көбүрөөк колдонууну |
| КК-13 | тарыхый фактыларды талдоого, себеп–натыйжалык байланыштарды көрсөтүүгө жөндөмдүү | ***Билет:*** тарыхый фактыларды талдоодо, себеп жана натыйжалык байланыштар болоорун түшүнөт.<br>***Колдоно билет:*** кесиптик ишмердүүлүгүндө себеп–натыйжалык байланыштарды көрсөтө алат |
| КК-15 | ата мекендик жана чет өлкөлүк статистикада келтирилген социалдык-экономикалык процесстерди жана кубулуштарды талдайт, социалдык-экономикалык тенденциянын өзгөрүү көрсөткүчтөрүн түшүндүрө алат | ***Билет:***<br>социалдык-экономикалык процесстердин өзгөчөлүктөрүн;социалдык-экономикалык процесстердин көрсөткүчтөрүн түшүнөт.<br>***Колдоно билет:***<br>• социалдык-экономикалык процесстердин себеп-натыйжалык байланыштарын колдоно алат. |

Бул дисциплинаны окугандан кийин студент, адистиги боюнча курстук иштерде, дипломдук иштерде өз алдынча илимий изилдөөлөрдү, тыянактарды, анализдөөнү, окуяларды бири-бири менен салыштырууну үйрөнө алат жана ошондой эле мектептерге барганда окуучуларга билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү үйрөтө алат.

## 6. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ТҮЗҮМҮ

**6.1.**
**5-жадыбал. Окуу дисциплинасынын көлөмү жана окуу ишинин түрлөрү**

| **Окуу ишинин түрү** | **Сааттардын көлөмү** |
|---|---|
| Максималдуу окуу жүгү (бардыгы) | 180 |
| Милдеттүү аудиториялык окуу жүгү (бардыгы) | 90 |
| Анын ичинде: | |
| Дарстар | 50 |
| Практикалык сабактар | 40 |
| Студенттин өз алдынча иши (бардыгы) | 90 |
| Анын ичинде: | |
| практикалык сабактарга тапшырмаларды даярдоо | 40 |
| жүзачарларды (презентацияларды), рефераттарды, баяндамаларды, билдирүүлөрдү даярдоо | 40 |
| модулдук текшерүүлөргө, зачетко даярдануу | 10 |
| Жыйынтыктоочу аттестация: зачет. | |

| № | Курстун темалары | Лекция | Семинардык сабак | СӨИ |
|---|---|---|---|---|
| | **1 –модуль** | | | |
| 1 | 1920-1930-жылдардагы эл аралык мамилелер. Версаль-Вашингтон системасы. | 2 | | |
| 2. | Америка Кошмо Штаттарынын гүлдөп өсүшүнөн Улуу Депрессияга чейинки тарыхы .АКШ Ф.Рузвельттин “жаңы багыт” алуу доорунда. | 2 | 2 | |
| 3. | Германия. Германия Веймар республикасы мезгилинде. Германия Үчүнчү рейхтин учурунда. | 2 | 2 | |
| 4. | Италия. Италия Б.Муссолинин бийлиги астында | 2 | | |
| 5. | Улуу Британия 1920-1930-жылдарда | 2 | 2 | |
| 6. | Франция 1920- 1930-жылдардын башында | 2 | 2 | |
| 7. | Испания: республикадан жарандык согушка карай. | 2 | | |
| 8. | Латын Америка өлкөлөрү 1918-1939-жж. | 2 | | |
| 9 | Экинчи дүйнөлүк согуш. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки эл аралык абал. Кансыз согуштун башталышы | 2 | **2** | |
| 10 | АКШ 1945-2022-жылдарда. | 2 | 2 | |
| 11 | Германия бөлүнүүдөн биригүүгө чейин | 2 | 2 | |
| 12 | Франция 1945-2022-жж. | 2 | 2 | |
| 13 | Улуу Британия 1945 –2022 жж. | 2 | 2 | |
| 14 | Италия Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин жана бүгүнкү күнгө чейин | 2 | 2 | |
| 15 | Испаниядагы конституциялык монархия. Испания XXI кк. Латын Америка өлкөлөрү XXкк. ортосунан-XXI к.к. башында. | 2 | 2 | |
| | **Жалпы** | **30** | **20** | |

**Курстун темалары**
**1. 1920-1930-жылдардагы эл аралык мамилелер**
**Эл аралык мамилелердин Версаль-Вашингтон системасы.**
2.Париж тынчтык келишиминин уюшулушу.
3.Конференциядагы улуу державалардын программасы (АКШ, Уулу Британия, Франция, Италия, Япония).
4.Германия менен болгон тынчтык келишими.
5.Биринчи дүйнөлүк согуштан кийинки чек аралардын өзгөрүшү
6.Улуттар Лигасынын түзүлүшү. Вашингтон тынчтык конференциясы

7. 1920-1930-жылдарда болуп өткөн конференциялардын жыйынтыктары (Генуя, Раполла, Гаага ж.б.)
8.Германия жана Италиянын милитаристтик саясаты ( Италиянын Эфиопияны басып алышы, Австрия
менен Германиянын биригиши ж.б.)
9.Мюнхен бүтүмү жанан анын жыйынтыгы.
10.Кол салышпоо жөнүндө советтик- германдык пакт.
11. Версаль-Вашингтон системасынын кыйрашы жана анын себептери.

**2. Америка Кошмо Штаттарынын гүлдөп өсүшүнөн Улуу Депрессияга чейинки тарыхы. Ф.Рузвельттин "Жаңы багыт алуусу".**
1.АКШ үчүн Биринчи дүйнөлүк согуштун жыйынтыгы
2.АКШнын экономикалык өнүгүүсү. Вильсондун ички жана тышкы саясаты.
3.АКШдагы массалык кыймыл (фермерлердин кыймылы, каралардын кыймылы, жумушчу жана профсоюздар кыймылы.
4.Г.Гувер жана анын башкаруусу.
1929-1933-жж. АКШдагы кризистин өзгөчөлүгү.Өнөр жайдын, айыл чарбасынын, каржылык системасынын абалы.
**5.** 1.1932-жылдагы шайлоо кампаниясы. Ф.Д.Рузвельт-саясий психологиялык портрет.
6.Рузвельттин администрациясыньн «Биринчи жүз күнү»
7. «Жаңы багыт» курсунун социалдык-экономикалык реформалары
8.1936-жылдагы шайлоолор жана Рузвельттин администрациясынын ички саясаты.

**3.Германия Веймар республикасынын тушунда. Үчүнчү Рейх: улуттук-социализмдин саясий тажрыйбасы жана идеологиясы**

1.Веймар республикасынын ичики жана тышкы саясаты.
2.Немец буржуазиясынын саясаты жана тактикасы. 1923-ж. Рур карама-каршылыгы. Германиянын экономикалык абалынын курчушу.
3.1923-ж. саясий кризис. Фашисттик путч жана анын кыйрашы
4.Германиядагы экономикалык кризистин өзгөчөлүгү.
5.Фашисттердин бийликке келиши. Германдык фашизмдин сол багыты – ага-ини Штрассерлер.
6. Үчүнчү Рейхтин мамлекеттик-укуктук структурасы. НСДАП, СС. Вермахтын ролу.
7.Тоталитардык Германиянын экономикалык жана социалдык теориясы жана практикасы

**4.Италиядагы Б.Муссолинин бийлиги.**
1.Италияда  Биринчи дүйнөлүк согуштан кийинки социалдык-экономикалык проблемалар. Фашисттик кыймылдын жаралышы жана Италиядагы фашизмдин өзгөчөлүгү.
3. Фашизмдин бийликке келиши жана фашизмдин жеңишинин себептери.
4.Мамлекетти фашизациялоо процессинин башталышы жана анын өзгөчөлүктөрү.
5.1929-1933-жж.Италиядагы кризистин өзгөчөлүгү жана анын натыйжасы.

**5.Улуу Британия 1920-1930-жж. ички жана тышкы саясаты.**
1.Биринчи дүйнөлүк согуштан кийинки Англиянын экономикалык жана саясий абалы.Л.Джордж.
2.Консерваторлордун бийликке келиши. ЛюДжрод кетиши.
3.Стабилдешүү мезгилиндеги Англиянын социалдык-экономикалык өнүгүнүн өзгөчөлүктөрү.
4.Англиядагы дүйнөлүк экономикалык кризистин өзгөчөлүгү.
5.Мамлекеттик жөнгө салуунун британдык варианты. Оттава конференциясы.
6.Консерваторлордугн ички жана тыйшы саясаты. С.Болдуинжана Н.Чемберлен.

**6.Франциянын 1920-1930-жылдардагы ички саясаты**
1.Франциянын ички саясаты жана социалдык мыйзамдар. Жумушчу кыймылдарындагы жаңы тенденция. Жумушчу кыймылынын бөлүнүшү

2.Стабилдешүү мезгилиндеги Франциянын социалдык-экономикалык өнүгүшү.
3.1929-1933-жж.экономикалык кризис жана анын Франциядагы өзгөчөлүгү

**7. Испаниянын 1920-1930-жылдардагы ички абалы**
1. Согуштан кийинки экономикалык жана саясий кризис.
2.Примо де Риверанын диктатурасынын орношу. 1930-1931-жылдардагы саясий кризис жана монархияны кулатуу.
3.1933-1934-жж. Испаниядагы кырдаал. 1934-ж.Октябрдагы көтөрүлүш.
4.Граждандык согуштун жүрүшү жана анын натыйжасы. Республиканын кулашы, себеби жана натыйжасы. Испаниядагы окуялардын тарыхый мааниси жана сабактары.
**8.Латын Америка өлкөлөрү: XX кк. биринчи жарымындагы өңүгүү багытарынын негизги тенденциялары.**
1.Латын Америкасындагы капитализмдин өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү
2.Латын Америка өлкөлөрүндөгү реформизм жана экономикалык, саясий өнүгүүсү.
3.Никаргуадагы көтөрүлүш. Аргентинадагы аскердик төнкөрүш. Бразиядагы 1930-жж. революция.Чили социалисттик республикасы ж.б.
Латын Америкасындагы демократиялык жана саясий күчтөрдүн жеңиштери

**9. Экинчи дүйнөлүк согуштун жүрүшүндөгү эң маанилүү окуялар. "Кансыз согуш" мезгилиндеги эл аралык абал.**

1. Германиянын Польшага кол салышы жана фашисттик агрессиянын Түндүк жана Батыш Европага жайылышы.
2.Европада фашисттик блоктун түзүлүшү. Балкан жарым аралында согуштун иш-аракеттердин жүрүшү.1939-1940-жж. Советтик-германдык мамилелер. Германиянын СССРге кол салышы.
3 Экинчи дүйнөлүк согуштун негизги этаптары жана мүнөзү. 1939—1945-жж. согуштук иш-аракеттер. Германиянын капитуляцияланышы. Потсдам конференциясы.
4.Экинчи дүйнөлүк согуштун аякташы, жыйынтыгы жана мааниси
5. Эки уюлдуу дүйнөнүн калыптанышы жана ашкере державалардын ортосундагы карама-каршылыктардын курчушу (1943-1953-жж). (Трумэндин доктринасы, Маршаллдын планы)
6. 1953-1959-жж.эл аралык абал.
7.Европадагы интеграциялык процесстин тарыхый өбөлгөлөрү.С согуштар аралык мезгилдеги жалпы европалык кыймылдагы "бириккен Европа" идеясы.
8.Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки европалык интеграциялык процесстин келечеги жана анын аймактык өзгөчөлүктөрү. СЭВдин сабактары.
9. «Рим хартиясы»1957-ж.
10.ЕЭС, согуштан кийинкиЕевропадагы коопсуздук проблемасы

**10.АКШ 1945- жана XXI кк. башында.**
1.1960-1970-жж. АКШнын экономикалык өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү.
2. АКШ Р.Никсон жана Форддун башкаруу жылдарында.
3.1980-жж.шайлоо кампаниясыц. Р.Рейган.
4.1988-жж. шайлоо кампаниясы Дж.Буш жана 1992-жж. Б.Клинтон.
5. 2000-жж. шайлоонун өзгөчөлүктөрү.Дж.Бушжана 2008-жж.шайлоо, демократиялык партиянын жеңишке жетишиши. Б.Обама.
11.**Германиянын биригиши. Германия бүгүнкү күндө.**
1. 1982-ж.ФРГдагы шайлоо. Г.Коль XXкк. Аягындагы батыш европалык христиан демократиясы.
2.80-жж Германиянын ички жана тышкы саясаты.
3.80-жж. чыгыш германиялык социализмдин кризиси. 1989-жж. саясий кризис. Германиянын биригиши жөнүндөгү эл аралык келишим. 1990-ж. май-апрель.
4. Германиянын биригиши жана анын саясий, экономикалык, социалдык абалы. 1998-. Шайлоо Г.Колдун доорунун бүтүшү.

**12. Франция Үчүнчү республикадан Бешинчи республикага карай.**
1.Франция Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде. Вишинин режими. Француздук каршылык көрсөтүү кыймылы. Шарль де Голь.
2.Франция 1944-46-жж.
3.Төртүнчү республиканын режими жана анын кулашынын себептери.
4.Франциянын 1958-1969-жж. Тышкы саясаты.
5.Франциядагы Бешинчи республика.

**13.Уулу Британия 1945-2022-жж.**
1. 70-жылдардын экинчи жарымындагы консервативдик партиянын кайра куру саясаты. М.Тэтчер жана анын ишмердүүлүгү. 1979-жж. пАрламенттик шайлоо.
2. «Тетчэризм»- неоконсервативдүү идеологиянын британдык варианты. М.Тэтчердин ички саясаты.
3.Д.Мейджоранын өкмөтүнүн саясаты. 1997-жж шайлоо кампаниясы. Э.Блэра.
4. Улуу Британиянын 80-90-жж. тышкы саясаты.
**14.Италия Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин жана бүгүнкү күнгө чейин.**
1. Италия Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин. Де Гасперинин саясий көз карашы.
2.XXкк. экинчи жарымынан – XXIкк. башындагы Италиянын экономикалык өнүгүшү.
3.   XXкк. экинчи жарымындагы Италиянын ички саясий күрөшү. XXк. аягындагы саясий кризис.
4. XXкк. экинчи жарымынан – XXIкк. башындагы Италиянын тышкы саясаты.
**15.Испания 1945-2022-жж.  Латын Америка өлкөлөрү XX кк.отросунан –XXI кк. башында ички жана тышкы саясаты**

1.Испания 1939-1959-жж.
2.1945-59-жж Испаниянын тышкы саясаты. Испаниянын колониялары.
3.Испания 1975-82. демократияга өтүү.
4.Испаниянын 1990-2000-жж. ички жана тышкы саясаты.
5.Латын Америка өлкөлөрүнүн өнүгүүсүнүн согуштан кийинки ички жана тышкы пробемалары.
6.Латын Америка өлкөлөрүнүн революциялык процесстердин өзгөчөлүктөрү. Кубадагы революциялык кырдаалдын жетилиши. Куба революциясынын административдик-командалык мүнөзү.
7.Латын Америка өлкөлөрүнүн 70-жж. Көз карандысыздык үчүн күрөшү.
8.80-9-жж. Экономикалык абалы/ XXI кк. башындагы Латын Америка өлкөлөрүндөгү саясий кырдаал.

**Студенттин өз алдынча ишиинин болжолдуу темалары:**
1.Биринчи дүйнөлүк согуштун бүтүшү. Компьен тынчтык келишими.
2.Париж тынчтык конференциясы
3.Версаль тынчтык келишими.
4.Улуттар Лигасынын түзүлүшү
5. Биринчи дүйнөлүк согуш бүткөндөн кийинки Европанын саясий картасындагы өзгөрүүлөр.
6. Германиядагы Ноябрь революциясы. Германиядагы монархияны кулатуу жана республиканы жарыялоо
7. Германия республикасы тарабынан конституцияны кабыл алуу
8. АКШдагы экономикалык кризистин өбөлгөлөрү жана себептери.
9. Ф.Рузвельттин «Жаңы багыты» : демократиянын шартындагы экономика базарын мамлекеттик жөнгө салуунун алгачкы тажрыйбасы.
10.Мамлекеттик коргоонун жалпы мамлекеттик системасын түзүү. АКШынын дүйнөлүк саясаттагы обочолонуу багыты.

11. Дүйнөлүк экономикалык кризис жана анын Германиядагы өзгөчөлүктөрү.
12.1932-жылдагы Германиядагы парламентттик жана президенттик шайлоо. Фашистердин бийликке келиши.
13.Фашизмдин саясий системасынын калыптанышы.
14. Италияда фашисттик кыймылдын жаралышы жана Италиядагы фашизмдин өзгөчөлүгү.
15. Франциянын 1920-1930-жылдардагы ички саясатындагы өзгөчөлүктөр.
16.Испаниядагы 1930-1931-жылдардагы саясий кризис жана монархияны кулатуу.
17.Испаниядагы жарандык согуш жана анын жыйынтыктары
18.Согуштан кийинки Л.Джодрждун өкмөтүнүн ички жана тышкы саясаты.
19.Биринчи лейбористтик өкмөт жана анын саясаты.
20. Англия жана Мюнхен бүтүмү.
21.Латын Америка өлкөлөрүндөгү 1920-жылдардагы саясий кырдаал.
22.Бүткүл дүйңөлүк экономикалык кризистин Латын Америкасына тийгизген таасири. Саясий күрөштүн курчушу.
23. Европа мамлекеттеринин согуштук иш-аракеттерге даярданышы

**2 модуль**

1.Экинчи Дүйнөлүк согуштун негизги этаптары.
2.Каршылык көрсөтүү кыймылынын иш аракеттери.
3. Экинчи Дүйнөлүк согуштан китйинки дүйнө.
4. АКШ 1945-1953-жылдарда (адилеттүү курс).
5.Улуу Британия 1945-1951.
20. Франция 1945-1951.
6. Италияны реконструкциялоо «Де Геспери доорунда) 1945-1953.
7.Гитлерден кийинки Германия. ГФРдин түзүлүшү. (1945-1949)
8. «Антифашисттик консенсустун» кыйрашы жана анын натыйжасы.
9. Кансыз согуштун келип чыгышы
10.ГФР ХДС\ХСС саясий үстөмдүгү жылдарында. (1949-1966).
11.АКШ «Эйзенхауэр доорунда» ((1953-1961).
12.Прогресивдүү консерватизм жана британ кому (1951-1961).
13.Франция IV республиканын кыйроо алдында (1951-1958).
14.Италия 1953-1962. (центризмдин эволюциясы
15.Кансыз согуш (1953-1962).
16.АКШ 1961-1969).
17.Италия (1963-1972)
18.Улуу Британияда лейбористтердин бийликке келиши (60-ж.ортосу)
19. ГФР 1966-1969.
20.Эл аралык мамилелердин курчушу (1962-1969.
21.АКШ (1969-1981).
22.ГФР «кичи коалициянын» башкаруу жылдарында. 1969-1982.
23. Британдык социализмдин кулашы (1970-79.)
24.Франция Ж.д.Эстендин убагында (1969-1981).
25.Италия 1972-1979.
26.1970-80-жылдардагы эл аралык абал.
27.ХХ к. ИТР.
28.М.Тэтчер (1979-1990).
29. «Рейганэкономика» жана «Булуңдагы согуш». (1981-1993.
30.Германия биригүү алдында 1982-1990.
31.Италия «pentepartito» мезгилинде (1979-1992).
32.Франция «Миттеран доорунда» (1981-1995).
33.Кансыз согуштун бүтүшү
34. Биригүүдөн кийинки Германия
35. Улуу Британия тетчеризмден «жаңы лейборизмге» карай.

36.Италияда «Экинчи республиканын» жаралышы.
37. АКШ Б.Клинтондун башкаруу жылдарында
38. АКШ Б.Обаманын башкаруу жылдарында
39. Латын Америка өлкөлөрүнүн эконоикалык жана саясий көз карандысыздык үчүн болгон күрөшү.
40.Бугүнкү күндөгү Латын Америка өлкөлөрүнүн өнүүсүнүн өзгөчөлүктөрү.

## 7. БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

### 7.1. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу билим берүү технологиялары

«Соңку мезгилдин тарыхы (Батыш өлкөлөрү)» окуу дисциплинасын өтүүдө аудиториялык сабактарда негизинен дарс технологиясы басымдуу колдонулат. Дарстардын негизги милдети – студенттерди ММКнын теориясы жана практикасы боюнча билимдер тутуму менен тааныштыруу. Дарстар дисциплинанын программасында камтылган негизги маселелерди чагылтат. Материалды баяндап берүүдө дарстардын ар кыл түрлөрү: киришүү дарсы, проблемалуу дарс, илгерилетүүчү дарс, серептик дарс, жыйынтыктоочу дарс колдонулат. Окутуучу студенттердин ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн активдештирүү, теманын жеке маселелерин талдоо, жалпылоо, өзгөчөлүктөрүн айкындоо билгичтиктери менен көндүмдөрүн калыптандыруу милдетин астыга коёт. Бул милдетти чечүү үчүн дарстарды өтүүдө проблемалуу жана маалыматтык маселелерди коюу, маселени чечүү жодорун айтууну сунуштоо, практикадан жана иш тажрыйбадан мисалдар келтирүү, бир эле маселе боюнча ар кыл көз караштарды айтуу ыкмаларын колдонууга болот.

### 7.2. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары

Практикалык сабактар теориялык жана практикалык мүнөздөгү суроолорду камтышат. Талкууга коюлуучу маселелер мазмундуу, актуалдуу келип, дарстарда берилген негизги жоболорду чагылтууга тийиш. Практикалык сабактарды өтүү дарстарда берилген билимдерди бышыктоого жана студенттерди өз алдынча иштөөгө багыттоого арналат. Практикалык сабактар окутуунун интерактивдүү формаларын колдонуу менен өткөрүлөт, бул студенттерге каралып жаткан маселе боюнча өз көз карашын айтууга жана аны талкуу учурунда коргоого үйрөнүүгө жол ачат. Практикалык сабактарда студенттердин илимий маалымат менен иштей билүү, чечимдерди талдай жана жалпылай, кабыл ала жана негиздей билүү билгичтиктери менен көндүмдөрүн калыптандыруу, өркүндөтүү дидактикалык маселелери чечилет.

Аналитикалык жалпылоо – окулганды суммалоону, кошууну болжогон жазуу ишинин түрү. Окулгандын негизинде түзүлөт, окулганды туура түшүнүүнү чагылтат. Макалада же китепте камтылган материал жалпыланчу жана кыска бааланчу жазуу иши.

Аргументтүү эссе – аргументацияны камтыган жазуу иши, мында автор кайсы бир жобону далилдейт.

Ассоциативдүү жазуу – иштелген, өтүлгөн тексттин, сабактын темасы боюнча эркин, үзгүлтүксүз, токтобой жазуу, талкуулоо. Белгилүү бир убакыттын ичинде сөздөрдү, фразаларды, өзүнчө сүйлөмдөрдү үзгүлтүксүз жазуу аркылуу ишке ашырылат.

«Биргелешип издөө» дискуссиясы – окутуучу күн мурун камдаган суроолордун жардамы менен студенттердин тема, проблема же текст боюнча түшүнүктөрүн тереңдетүү максатында талкуу жүргүзүү. Жетелөөчү суроолордун жардамы менен талдоо жасоону болжойт.

Венндин диаграммасы – бири бири менен кесилишкен айлана түрүндөгү схема, ал фактыларды, көрүнүштөрдү, идеяларды салыштыруу үчүн колдонулат. Схема айырмаларды да, окшоштуктарды да аныктоого жардамдашат.

Дискуссия – туура ыкмаларды гана колдонуп, акыйкаттыкка жетүүгө багытталган талаш. Бул тематикалык жана формасы корректтүү полемика. Анын максаты түрдүү көз караштарды кароо, акыйкаттыкты издөө, табуу болуп саналат.

Жуптарда иштөө – проблеманы, суроону жуп-жуп болуп талкуулоо. Тайпада иштөөнүн бир бөлүгү, этабы болуп саналат.

Кайчылаш дискуссия – эки ача суроонун негизинде, эки тараптын өз аргументтерин (жүйөөлөрүн) кезек менен келтирүүсү түрүндө так уюштурулган дискуссия.

Кичи топтордо иштөө – үч-жети кишиден турган топторго биригип, бир максатты көздөп, баарлашууда жана биргелешкен ишмердүүлүктө кызыкчылыктары менен керектөөлөрү окшош болгон окуу иш-аракети. Белгилүү бир ишти аткаруу үчүн бир нече адамдын биригүүсү менен жүзөгө ашат.

РАФТ – студенттерди «Роль-Аудитория-Форма-Тема» жол-жобосу аркылуу өткөрүүнү болжогон чыгармачыл жазуу ишинин түрү. Белгилүү бир стилде чыгарма жазууга үйрөтүү болжонот.

Ротация усулу менен пикир алмашуу – чогуу иштөөнүн стратегиясы, дискуссиянын бир түрү, маселелерди, проблемаларды белгилүү бир схема боюнча талкуулоо.

Т-схема – аргументтер менен контраргументтерди келтирүү үчүн графикалык уюштуруучу. Маалыматты классифкациялоого, баалоого, тутумдаштырууга жол берет. Мында карама-каршы турумдар көрсөтмөлүү берилет.

Түрдүү булактар боюнча баяндама – изилдөө керек болгон суроолорду жана ошол суроолорго ар кыл булактардан (окуу-усулдук, илимий ж.б.) табылган жоопторду камтыган жадыбалдын негизинде жазуу ишине даярдануунун ыгы. Студенттер тема боюнча суроолорду коюшат да, түрдүү китептерден аларга жооптор издешет.

Эссе – конкреттүү себеп же маселе боюнча жекече таасирлер менен пикирлерди чагылтуучу, баяндоонун предметин аныктоого жана аягына чыгарууга талаптанбаган, көлөмү чакан жана композициясы эркин прозалык чыгарма. Темага карата жекече мамиле ачылат.

**6-жадыбал. Интерактивдүү формаларда өтүлүүчү аудиториялык сабактардын үлүшү**

| Семестри | Сабактын түрү (Д, ПС) | Колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары | Сааттардын саны |
|---|---|---|---|
| 7 | Д | Проблемалуу дарс, илгерилетилген дарс | 30 |
| | ПС | «Венндин» диаграммасы, «Биргелешип издөө» дискуссиясы, дискуссия, дебат, жуптарда иштөө, кайчылаш дискуссия, кичи топтордо иштөө, РАФТ, ротация, Т-схема, түрдүү булактар боюнча баяндама, эки бөлүктүү күндөлүк, интервью ыкмасы. | 40 |
| **Жыйынтыгы:** | | | 70 |

Окуу дисциплинасынын аудиториялык сабактарында интерактивдүү формада өтүлүүчү сааттардын жалпы үлүшү 60%ды түзөт.

## 8. ЖЕТИШҮҮНҮ КҮНДӨЛҮК ТЕКШЕРҮҮНҮН, АРАДАГЫ АТТЕСТАЦИЯНЫН ЖАНА ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНДА ИШКЕ АШЫРЫЛУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН БААЛООЧУ КАРАЖАТТАРЫ

550400 – социалдык-экономикалык берүү багытынын ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык студенттердин жекече жетишүүсүнүн дисциплина боюнча мерчемделген окутуунун натыйжаларына ылайыктыгын аттестациялоо үчүн баалоочу каражаттардын себили түзүлгөн (1-тиркеме). Ага 1-2-модулдун (арадагы аттестациянын, зачеттун) суроолору, ошол суроолор боюнча түзүлгөн модулдун жана зачеттун тесттери кирет.

## 9. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА ТЕКШЕРҮҮЧҮ-БААЛООЧУ ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ УЮШТУРУУ

**9.1**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларын текшерүү жана баалоо окутуучу тарабынан практикалык сабактарды өтүү, ошондой эле студенттердин өз алдынча иштерди аткаруу, модулдук текшерүү, арадагы аттестация (зачет) жараянында жүзөгө ашырылат. Практикалык сабактардын мазмуну боюнча ар бир практикалык сабакта оозеки сурамжылоо (күндөлүк текшерүү) жүргүзүлүп, студенттердин оозеки жооптору салттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, "эң жакшы" – 86-100 упай, "жакшы" – 76-85 упай, "орто" – 60-75 упай, "жаман" – 0-59 упай). Модулдук текшерүү жана арадагы аттестация (зачёт) жазуу формада өткөрүлүп, ал үчүн тесттер даярдалат. Тесттер теориялык маселелерди да, практикалык мүнөздөгү тапшырмаларды да камтышат.

**9.2. Көзөмөлдөөнүн тариздери**

**9.1. Студенттердин окуудагы жетишкендиктерин көзөмөлдөө төмөнкүдөй болуп бөлүнөт:**

- Күндөлүк көзөмөлдөө (сабактарда суроо берүү, контролдук иштер, рефераттар, эсселер, долбоордук иштер ж.б.);
- Аралык көзөмөлдөө (күндөлүк көзөмөлдөөнүн жыйынтыгын чыгаруу жана аралык көзөмөлдөөнү жүргүзүү);
- Жыйынтык көзөмөлдөө (зачёт, экзамен).

Студент-бакалаврдын билимдерин, жөндөмдөрүн, кесипке ээ болуу даярдыгын көзөмөлдөө модулдук-рейтингдик система аркылуу окуу семестринде эки модуль кабыл алуу ишмердүүлүгүндө жүргүзүлөт.

*Күндөлүк көзөмөлдөөгө:* лекцияларга катышуу жоопкерчилиги жана лекциялардагы интерактивдүү, эксперттик иштер, семинарга катышуусу, семинардагы жигердүүлүгү, өз алдынча иштер боюнча берилген суроолорго жооп берүү, аңгемелешүү, берилген практикалык тапшырмаларды аткаруу. Ишмердүүлүк дээрлик *(окутуучу-студент жана окутуучу-студент-студент)* схемасы аркылуу аткарылат.

*Аралык көзөмөлдөөгө:* Бөлүмдүн бүтүшү менен өз алдынча контролдук иштерди аткаруу, биринчи жана экинчи модулдарды тапшыруу жыйынтыктары кирет.

*Жыйынтык көзөмөлдөөнү*: окуу планындагы семестрдин жыйынтыгы менен экзамен тапшырууда күндөлүк жана аралык көзөмөлдөөлөрдүн жыйынтыктары менен чыгарылат.

**7-жадыбал. Студенттин тесттик тапшырмаларын баалоо**

| **Студенттин тести аткаруудагы балдар** | | **Тесттин аткарылыш деңгээлине коюлуучу талаптар** |
|---|---|---|
| **Упайлар менен** | **Салттуу шкалада** | |
| 30-28 | 5 – «эң жакшы» | Берилген тапшырманы аткарган шартта, программалык материалды толук билүүсү, мурда окуган маалыматтарды системага келтире алуусу |
| 27-23 | 4 – «жакшы» | Студент маалыматтарды өздөштүргөн, негизги түшүнүктөрдү жана терминдерди билет, бирок бир аз ката кетирген болсо. |
| 22-18 | 3 – «орто» | Студент маалыматтардын негизин түшүнөт, бирок көпчүлүк суроолорду так эмес белгилейт. |
| 18ден төмөн | 2 – «жаман» | Негизги суроолорду түшүнбөйт, принципиалдуу каталар кетирилген. |

Студенттердин практикалык сабактардан жана эки модулдан топтогон упайлары жыйынтыктоочу бааны коюу үчүн жетиштүү болсо, алар арадагы аттестациядан (зачет, экзаменден) бошотулат.

**8-жадыбал. Студенттин жазуу иштерин (өз алдынча ишин) баалоо**

| Студенттин жазуу иштеринин (өз алдынча ишинин) баасы | | Жазуу иштеринин (өз алдынча иштин) аткарылыш деңгээлине коюлуучу талаптар |
|---|---|---|
| **Упайлар менен** | **Салттуу шкалада** | |
| 86-100 | 5 – «эң жакшы» | «Эң жакшы деген» баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин актуалдуулугу каралса, коюлган маселе боюнча ар түрдүү көз караштарга кыскача анализ берилсе жана өзүнүн көз карашын аргументүү далилдей алса, так жана даана корутундуларды чыгара алса, тема толугу менен ачылса, кошумча суроолорго толук жооп берсе коюлат. |
| 76-85 | 4 – «жакшы» | «Жакшы» деген баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин мазмуну темага негизинен жооп берсе, мазмуну негизинен жеткиликтүү болсо, темадан четтөөлөр анча маанилүү болбосо, материалды баяндоодо так эместик байкалса, өзүнүн көз караштарында логикалык ыраттуулуктун болбошу, жазуу ишин коргоо убагында кошумча суроолорго толук жооп бере албаса коюлат. |
| 60-75 | 3 – «орто» | «Орто» деген баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин мазмунунда темадан өтө олуттуу четтөө болсо, мазмуну негизинен жеткиликтүү, бирок айрым фактылык так эместиктер кездешсе, ыраттуу баяндоонун бузулуусуна жол берилсе, аргументтүү жыйынтык чыгара албаса, жазуу ишин коргоо учурунда так жана толук жооп бере албаса коюлат. |
| 0-59 | 2 – «жаман» | «Жаман» деген баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин мазмуну темага ылайык келбесе, көптөгөн фактылык так эместиктер кездешсе, ыраатсыз баяндалса, коюлган проблеманы түшүнбөсө коюлат. |

Төмөнкү таблицада студентер топтой турган баллдардын минималдуу жана максималдуу маанилери келтирилген.

| Текшерүүнүн түрү | Минималдуу балл | Максималдуу балл |
|---|---|---|
| УЖТ | 18 | 30 |
| СЖӨИТ | 24 | 40 |
| МТ | 18 | 30 |
| **Жыйынтыгы** | **60** | **100** |

## 10. КАЛТЫРЫЛГАН САБАКТАРДЫ КАЙРА ТАПШЫРУУНУН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ

Студент аудиториялык сабактарга катышпаган учурда (дарска же практикалык сабакка), ал ошол аудиториялык иштин (дарстын же практикалык сабактын) программасын жана мазмунун өз алдынча өздөштүрүп, жумушчу дептерине өзү калтырган дарстын конспектисин жазып окутуучуга көрсөтөт, ошондой эле жумушчу дептерине өзү калтырган практикалык сабактын суроолоруна окуу-усулдук, илимий адабияттардан жоопторду таап жазып, аны окутуучуга оозеки тапшырат, өзү калтырган тема боюнча СӨИ (студенттин өз алдынча ишин) аткарып, аны окутуучунун астында коргойт. Эгер модулга же зачетко чейин ушул иштерди аткарбаса, студент модулдук текшерүүгө жана зачетко киргизилбейт.

## 11.ДИСЦИПЛИНАНЫН ОКУУ-УСУЛДУК, МАТЕРИАЛДЫК ЖАНА МААЛЫМАТТЫК КАМСЫЗДООСУ

**11.1.**Компьютер, проектор, мультимедиалык доска, ресурстук борбор, усулдук кабинет жана китепканалар,маркер, бор ж.б.каражаттар.

### 11.2. ОКУУ-УСУЛДУК КАМСЫЗДООНУН ТИЗМЕСИ

**АДАБИЯТТАР:**


1. Новейшая история стран Европы и Америки. XX век: Учебник для студентов высших учебных заведений: В 2 ч. / Под ред. А. М. Родригеса и М. В. Пономарева. М., 2001. Ч. 2. 1945-2000. М., 2001; Ч. 3. 1945-2000. М., 2001
2.Пономарев М. В. История стран Европы и Америки в новейшее время: Учебник. М., 2008. .
3.История новейшего времени стран Европы и Америки: 1945-2000 гг. / Под ред. Е.Ф. Язькова М., 2001.
4.История новейшего времени стран Европы и Америки, 1945-2000: Учебник для вузов / Под ред. Е. Ф. Язькова. М., 2004
5.Маныкин А. С. Новая и Новейшая история стран Западной Европы и Америки. – М., 2004. .
6.Современные международные отношения и мировая политика: Учебник. М., 2005. .
7. Всемирная история. - М.,2003
8. А.А.Кредер. Соңку тарых. 1-бөлүк. – Б.,1996
9.А.А.Кредер. Соңку тарых. 2-бөлүк. – Б.,1996.
